*УДК:9:392.0-394:9*

**Абылов А.Д.**
И.Арабаев атындагы КМУ

**КЫРГЫЗДАРДЫН XIX к. АЯГЫ-XX к. БАШЫНДАГЫ ШАРИЯТ МЫЙЗАМ ЖЫЙЫНДЫЛАРЫНЫН КООМДУ ЖӨНГӨ САЛУУДАГЫ ОРДУ**

**Абылов А.Д.**
КГУ им И.Арабаева

**ПОЛОЖЕНИЕ СБОРНИКОВ ШАРИЯТСКОГО ПРАВА В РЕГУЛИРОВАНИЕ ОБЩЕСТВА КЫРГЫЗОВ В КОНЦЕ XIX НАЧАЛЕ XX В**

**Abylov A.D.**
KSU named after I.Arabaev

**THE POSITION OF COLLECTIONS OF SHARIA LAW IN REGULATING KYRGYZ SOCIETY IN THE LATE 19TH AND EARLY 20TH CENTURIES**

**Аннотация.** Бул макалада XIX кылымда кыргыздардын коомдук турмушунда шарият дин укугунун пайда болушу, коомдук мамилелерди жөнгө салышы каралат. XIXкылымдын босогосунда кыргыз элинин коомдук мамилелеринде кокон хандыгынын таасири астында ислам дининин тарашы күчөгөн. Айрыкча түндүк кыргыз урууларына караганда, түштүк кыргыз урууларынын арасында адат укугу менен шарият мыйзамынын аралашуусунун аркасында салттуу ислам түшүнүгү пайда болгон. XIXкылымда Фергана өрөөнүндөгү кыргыздарда адат укугунан шарият мыйзамына өтүп жаткан доор деп аталгандыктан, шарият мыйзамынын коомду башкаруудагы орду талкууланат. Шарият дин укугунун булактарына талдоо жүргүзүлөт, казы сот системасынын иштөө тартиби, коомду жөнгө салуудагы ыйгарым укуктары каралат.Казылар  мыйзам талдоочу соттук милдеттерди аткарган укуктары менен чектелбестен, динди талдоочу, коомго түшүндүрүүчү, диний фатфаларды берүүчү функциялары изилдөөгө алынат.

**Негизги сөздөр:** шарият мыйзамы, казы соту, кун салыгы, дия салыгы, бектер бийлиги, даткалар бийлиги, адат укугу.

**Аннотация.** В данной статье рассматривается появление шариятского религиозного права в обшественной жизни кыргызов XIX в. регулирование общественных отношений. На пороге XIX в. в общественной жизни кыргызов усилолось распространение ислама под влянием кокондского ханства.В частности по сравенеию с племенами северных кыргызов, племена южных кыргызов развели традитционное исламское сознание благодаря сочитанию обычного права и законов шарита. XIX в. называют эпохой перехода от обычного права к шарияту в племеннах южных кыргызов. Будут проанализированы источники религиозного права шарията, рассмотрен порядок работы судебной системы и полномочия по регулированию общества. Суды казиев неограничивается обязонястями судебного анализа, юридического права, но изучаются функции анализа религии, разесьнения обществу и доносение до общества религиозных фактов.

**Ключевые слова:** законы шарията, казийский суд, кун выкуп, выкуп  дия, власть бекства, власть датхи, обычное право.

**Annotation.** This article examines the emergence of Sharia religious law in the public life of 19th-century Kyrgyz in the regulation of public relations. At the threshold of the nineteenth century, the spread of Islam in Kyrgyz public life intensified under the influence of the Kokond Khanate.In particular, in comparison with the tribes of the northern Kyrgyz, the tribes of the southern Kyrgyz have developed a traditional Islamic consciousness through the combination of customary law and Sharita laws. The 19th century is called the era of transition from customary law to sharia in the tribes of the southern Kyrgyz. The sources of Sharia religious law will be analyzed, the working procedure of the judicial system and the powers to regulate society will be considered. Kaziyev's courts are limited by the responsibilities of judicial analysis and legal law, but they study the functions of analyzing religion, spreading religious facts to society and communicating religious facts to society.

**Keywords:** sharia law, Qazi court, kun ransom, diya ransom, flight power, dathi power, customary law.

Кыргыздардын XIX к. коомдук жашоосуна шарият мыйзамдары, ислам дин укугунун ченемдери акырындап кире баштаган. Айрыкча кыргызстандын түштүк аймагында жашаган кыргыз уруулары арасында кокон хандыгынын таасири астында исламдын тарашы коомдук аң сезимге кабылданышы тереңдеген. XIX к. босогосунда кыргыз жергеси бүтүндөй Кокон хандыгынын карамагына өткөн, Ысык-Көл жана Нарын өрөөнү Анжиян вилаетине, Талас, Чүй Ташкент акимдигине, Кыргызстандын түштүгүндөгү кыргыз уруулары борбордук вилаеткн баш ийип турушкан.[2-б,145].[4-б,104] Хандыктагы саясий бийликтин бөлүштүрүлүшү көчмөн өзбек, кыргыз, кыпчак ж.б. этностордун арасында жүргүзүлгөн. Чыныгы тескөө бийлиги отурукташкан элдер арасында бектерде, көчмөндөрдө даткалардын колуна топтолгон. Бектиктеги бийлик укумдан тукумга өтө баштаган, бектин балдарынан хандык өзүнүн таасирин артыруу максатында кызматка беките баштаган. Ал эми көчмөндөр арасындагы бийлигин чыңдоо максатында бийлерге датка наамын берип кызматка дайындап турушкан [10-б,35]. Россия империясынын өкмөтүнүн дипломатиялык өкүлү Филип Назаров 1812-ж. Коконго иш сапары менен келип, хандыктын канцеляриясы документтер фарси-тажик тилинде жүргүзүлгөнүнө күбө болгон.[11-б,280] [6-б,464].

Кыргызстандын түштүгүндө вилеаттердин ички курамы бектиктерге, бектиктер өз ичинен майда административдик бирдик эсептелинген аминдиктерге, аксакалдык айылдарга бөлүнүшкөн. Айылдарда аксакалдар башкаруу иштерин жүргүзүшкөн, күнүмдүк турмуштагы майда талаштуу маселелерди казыга чейинки териштирүүнү жөнгө салып турушкан. Аксакал айылдагы салыктын чогулушун көзөмөлдөп бекке маалымат берген, элдердин ашар жолу менен арык казуу, мечит салуу, суу чыгаруу, ж.б. жумуштарына уюштуруучулук кылышкан, ашар жумушунан качкан адамдарды бекке каттап берген [12-б,19]. Жергиликтүү бектиктердеги администрация тутуму бек башында турган раис, кур-башы, серкер, мираб-башы, казылар ж.б. мырза кызматтары эсептелинген. Раис-дин кызматкери бек тарбынан кызматка дайындалган, диндин кызыкчылыгын коргоочу бийлик өкүлү кызмат адамы болгон. Раистин укуктарын бек аныктап берген, дин-шарият маселелерин тескөөчү өкүл катары мечиттерди байкоого алган, базардагы алып сатуу иштерине, тараза тактыгына, товардын жарактуулугуна ж.б. элдин күнүмдүк турмушуна көзөмөл кылып турган. Раистин жардамчысы кальфа кызматкери эсептелинген, раис жок кундөрү базар мамилелерин көзөмөлгө алган. Кур-башы бек тарбынан кызматка дайындалган, диний билими талап кылынган эмес, бектике баш ийген айылдардагы түнкү тынычтыкты сактоочу орган катары бир канча сакчылар менен жүрүшкөн, жумушу кечки шам намазынан кийин башталып, эртең мененки убакытка чейин күзөтүшкөн. Кур-башы айылдардагы жана шаарлардагы кумар ойундарына каршы иш чараларды өткөрүшкөн, арак ичкен, калян чеккен элдин тартипсиз катмарын кармап казы сотуна өткөрүп беришкен. Кур-башылар шаарларда жүздөгөн сакчыларды алып жүрүшкөн, аткарган иштери боюнча бекке, акимге маалымат берип турушкан. [16-465]. [22-б,35].[5-б,179].

Отурукташкан элдер менен коңшулаш жашаган жарым көчмөн формасында күн өткөргөн кыргыздар коомдук турмушу ислам дин укугунун негизинде жөнгө салынып турган. Империялык офицер Калпаковский өзүнүн рапортунда хандыктагы саясат ислам шариятын күч менен жайылтып жаткандагын, айрыкча Кудаяр хандын тушунда адат укугу ислам дини менен алмашылганы боюнча маалымат берген. [17-б,100-200]. Казы сотунун системасы казы-келон башкарып, ичинен 3 бутака бөлүнгөн. Казы-келон-жогорку сот катары бектиктердеги ар бир ишти жеке карай алган же болбосо ар бир жаранды жеке кабыл алганга укугу болгон. Казы-келондун алдында казы-күзөт, казы-раис, казы-аскер соттору иш алып барышкан.1). Казы-күзөт

казы-келондун жекелик жардамчысы катарындагы кызмат адамы болгон. Эгерде казы –келон сапарга кете турган болсо казы-күзөттү ордуна таштап кеткен. 2). Казы-аскер бек тарабынан казы-календун сунушунун негизинде дайындалган атайын аскердик тартипти караган сот болгон. Аскердик чыр чатак маселелерин жана кызматтык укук бузууларды териштирүү казы –аскердин ыйгарым укуктарында каралып, тиешелүү чечимин бекке откөрүп беришкен. Аскердик маселелердин кээ бир категорияларын бектер жана даткалар дагы сот өндүрүшүн жүргүзүүгө укуктары болгон.3). Казы-раис сотун бектике тиешелүү аймактарда бектер жарым көчмөн кыргыз, кыпчак, өзбек ж.б. элдеринде даткалар дайындашкан. Кыргыз айылдарда казы раис иш алып барышкан. [17-б,112-215]. [16-б,20-21].

Айыл жерлеринде казылардын белгилүү участоктору болгон эмес, ал эми шаарларда саны белгиленген Ташкентте төрт, Кокондо эки казы, Ош шаарында эки казы дайындалган. Казылардын санын айылдарда, вилаеттерде бектер жана даткалар белгилеп турушкан.[18-б,44-48]. Казылар сотунун иш жүргүзүү тартиптери боюнча Кокон хандыгынын доорунда Чымкент шаарында бир топ жыл казы болуп иштеген Саттар ханым Абдулгапаров өзүнүн мемурын жазган. С.Абдулгапаровдун пикиринде Кокон хандыгында айрыкча Кудаяр хандын мезгилинде шарият мыйзамы менен иштөөгө басым жазалганын белгилеп өткөн. Казылардын соттук отурум өткөрүү эрежесине кайрылып, эки категорияга бөлгөн. Биринчиси шарият боюнча күнүмдүк жеңил укук бузуу, соода базар, келишим ж.б. маселелерди чечүүдө казы өз алдынча чечим кабыл ала алган. Экинчи шарият боюнча оор кылмыштын түрлөрү соттук отурумуна казылар бектерден, даткалардан “Жасоол” алып келип өткөрүшкөндүгүн белгилейт. Жасоол бек тарабынан дайындалган куралданган тартип сактаган аскерлер тобу аталган. Жасоол кароолу казынын чечимин аткарышканын, сот иши өтө оор жагдайлар боюнча өтө турган болсо бек өзү катышкан. Казылар шарият укугу боюнча оор деп аталган кылмыштын курамдары боюнча өлүм жазасына жана түрмөгө кескенге ж.б. укуктарына токтолгон.[1-б,50][17-б,134].

Шарият мыйзамы кылмыш иштерин үч топко бөлгөн:

1) “Хад” оор кылмыштар тутуму Аллахтын эркине жана мамлекеттик түзүлүшкө каршы чыгуу динден чыккандык, кудайды шылдыңдагандык, көтөрүлүш, кутум, ойноштук-зынакорлук, шарап ичүү, ж.б. кылмыштардын жазалары өлүм жазасы менен коштолгон.

2) Инсанга каршы кылмыштар зордуктоо, өлтүрүү, залал келтирүү “Джинаят” деп аталган.

3) Кылмыш иштери бойунча жазалоо методдору “Таазир” аталышында болгон.

Таазир системасы боюнча жазалоо ыкмалары төмөнкүдөй болгон:

1) Өлүм жазасы.
2) Түрмөгө кесүү.
3) Денеге залал келтирүү.
4) Кун-Дия ж.б. каралган.

XIX-кылымда кокон доорунда айрыкча эки кылмыштын категориясы оор деп эсептелинген. Ислам динине каршы чыгуу жана феодалдардын менчигине кол салуу. Өлүм жазасына жазалоодо башын кесүү, чокуга ыргытуу, тирүүлөй жерге көмүү, дарга асуу, таш барaңга алуу ж.б.колдонулган. [3-б,223]. Түрмөнүн оор түрү зындан деп аталган киши чыга албагыдай кылып казып адамдын эркин ажыратышкан.Зындан өтө булганган, санитардык абалы начар ор болгон, вилаеттердин борборлорунда жайгаштырылган. Денеге залал келтирүү жазасында шапалак менен сабоо 60-80 жолудан кем эмес, манжаларын, кулагын кесүү ж.б. түрлөрү эсептелинген [21-б,30]. Кунду шариятта дия деп атаган, өлүм жазасына тартылгандар кун төлөп кутулууга мүмкүнчүлүгү болгон. Шариятта кундун баасы 100 алтын динар, динардын натуралай эсеби 100 төө, 200 уй, 1000 койго бааланган. Адамдын ар бир мүчөсү шарият ченеми аркылуу эсептелинген. Адамдын бир колун же бир көзүн майып кылуу дия салыгынын жарымы төлөтүлгөн. Эки көзүн сокур кылуу толук дия салыгы менен бааланган. Бир тишин сындыруу дия салыгынын жыйырмадан бир бөлүгү, бир бутунан ажыратуу дия салыгын үчтөн бири, бир манжасын сындыруу жыйырмадан бир дия ж.б. [19-б,56]. Аял кишилердин өлүмү боюнча дия салыгынын жарымы каралган.

Кулдардын өлүмү боюнча дия салыгы кожойунуна берилген. Эгер дия салыгын кылмышкер төлөй албаган учурларда, туугандарына милдеттендирилген. Мусулман адамды башка диндеги адам өлтүрүп койсо, ханафи масхабы боюнча, дия салыгы эки эсеге чейин көбөйтүлгөн. Кылмыш кылгандардын ичинен оокаты жок салык кун төлөй албаган адамдар кулдука берилген [1-б,18].

Казылардын кызматтык ордуна ислам шарият укугун мыкты билген талапкерлерге басым жазалган, казыларга жардамчы катары дин мыйзамдарын талдаган аглямдар жана муфтийлер болушкан. Казы соту өкүм чыгараарда аглямдар, ж.б. дин кызматкерлери ошондой эле бектер менен даткаларга кенешүү менен жарыялашкан. Айрым учурларда бектер жана даткалар каалагандай чечим чыгарууга мажбур болушкан. Арыздын ээлери өзүлөрү каалаган казысына кайрыла алышкан. Казыларга арыз менен кайрылууда жазуу жүзүндө жана оозеки даттанганга мүмкүнчүлүк берилген. Казы соту жеңил иштерге белгилүү убакытта тараптар өзүлөрү сүйлөшүп элдешип алуу максатында мүмкүнчүлүк жана убакыт берген. Белгиленген мөөнөттө тил табышуу, элдешүү болбосо ишти баштоого өтүшкөн. Арыздануучу казынын алдындагы аглямдарга жана мыйзам менен иштеген муфтийлерге датынын мазмунун, себебин кататтууга милдеттүү болушкан. Күнүмдүк турмуштагы жеңил иштерди, базар ж.б. жумуштардагы укук бузууларды казылар үйлөрүндө, базарларда карай беришкен. Ал эми оор кылмыштарды бекке жана даткага кеңешип мечиттерде, атайын мехкеме орундуктарда өткөрүшкөн [21-б,150]. Казылар сотко күн мурунтан чабарман аркылуу жабырлануучуну, жоопкерди, күбөлөргө кабар жөнөткөн. Сот болгон күнү жоопер келбесе, экинчи жолу чакыртылган. Үчүнчү жолу мажбурлоо жолу менен алынып келинип соттук отурумга катыштырылган. Себеби шарият мыйзамында сыртынан өкүм чагаруу эрежеси болгон эмес. Сот жараянына төрагалык кылуу казыга жүктөлгөн, казы сөз бермейинче эч кимдин сүйлөгөнгө укугу болгон эмес [16-б,44]. Биринчи сөз жабырлануучуга берилген, андан кийин күбөлөргө, акырында жоопкер сүйлөгөн. Казылар сот отурумун өткөрүүдө уяттуу күбөлөрдүн көрсөтмөлөрүнө басым жазашкан.Эл арасында күмөндүү жүрүш турушу начар адамдар, жалган айткандар күбө болуу укугунан ажыратылган. Андан кийин буйум тайымдары боююнча далилдөө жүргүзүлгөн. Эгерде кылмышка шектүү ант берүү чарасынан баш тартса кылмышты мойнуна алды деген өкүм чыгарылган.[20-б,338] Аталган кылмышта күбөлөр жок болуп чыкса, айыпкердин ант берүү аракеттерине көңүл бурушкан. Айрым мезгилдерде кылмышкерлер жалган ант берүү менен кутулуп кеткен учурлары кездешкен. Соттук териштирүүдө казылар кылмыш ишине тиешелүү шарият эрежелеринен риваяттардан, хадистерден мисал келтирип арыз ээсине справка жазып беришкен. Казыларда сотко чейинки тергөө, иш козгоо ж.б. маселелер боюнча алектенген механизимдер болгон эмес, жазалган кылмыш боюнча күбөлөр айылдаштары кайрылышканда сот процесси жанданган. Күбө өтүүчү адамдар эки эркек адамдан кем болбоосу талап кылынган, аялдарга көпчүлүк мезгилдерде улуксат берилген эмес, керектүү мезгилдерде аял кишилер күбө болуп калса экиден кем эмес талап кылынган. Аялдын күбөлүгү тастыктоонун жарымы катары кабылданган [23-б,55]. 6-б,292].

Казылар кылмыштын категориясына жараша жаза чектешкен. Уурулук кылгандар мүлктүн чоң кичинелигине жараша манжалары кесилген, 1813–1814-ж. дипломат Коконго келген Ф. Назаров өзү күбө болгон соттогу окуяны эскерет, казы сотунун өкүмү менен 30 кой уурдаган адамдын оң колундагы манжалары кесилген, канын ысык майга салынган кийизди ороп койо беришкенин жазган. Ишенимсиз аялдарды жана эркектерди белине чейин көөмүп, таш бараңга алган учурларга күбө болгон. [11-б,286]. Адам өлтүргөндөрдүн жазасы кун "Дия" төлөө менен алмашылган өкүм чыкса, аталган чыгымдар төлөнүп бүткүчөктү түрмө зынданына салып турууга буйрук чыгарылган [15-б,214].

Казынын соттук териштирүү укуктарынан сырткары коомдук турмушту жөнгө салуу боюнча бир топ функцияларды аткарган:

1) Жарандык жана кылмыш жаза иштерин териштирген.

2) Соода келишимдерин аныктап бекиткен.

3) Үй-бүлө куруу жана ажыраштыруу актыларын каттоого алган, мурас укугун аныктаган.

4) Жетимдерди жакын тууганына бекитип берген.

5) Менчик жана ижара укугун аныктаган.

6) Диний зекет алымдарын бекиткен.

7) Мүлктүк мамилелерди жөнгө салган [165-б,338]. Кокон хандыгынын мезгилинде XIX-к кулдардын укуктары шариат ченемдерине чектелген алар укуктун субьектиси катары эсептелинген эмес.

Демек жогорудагы авторлордун пикирлерине анализ кылуу менен, XIX к. түштүк Кыргызстандын аймагында жашаган кыргыз уруулары адат укугунан шарият укугуна өткөн мезгил катары ка-роого болот. Бирок кыргыздар башка элдерге салыштырмалуу өзүнүн салттык эрежелеринен толугу менен баш тартышкан эмес. Кыргыздар XIX к. ислам дини менен салттык эрежелерди бирдей колдонгондугуна байланыштуу, кыргыз аң сезиминде салттуу ислам түшүнүгү пайда болду [7-б,175].

**Адабияттар:**

1.Абди-Саттар хан казий// Заметки о народном самоуправлении и ишанах в Туркестане Туркестанские ведомости 1898 г. №54.

2.Бардашев "Сведения о дикокаменных киргизах" Туркестанские ведомости 1870 г.

3.Бөрүбашев Б. История государства и права Кыргызской Республики т.1., Б.2015.

4.Валиханов Ч.Ч. Собрание сочинений в пяти томах. Том.4. –Алма-Ата., 1985.

5.Гродеков Н.И. Киргизы и кара-киргизы Сырданинской области. Ташкент., 1889.

6.Гейнс А.К.Собрание литературных трудов.Т.2.-СПб.1898г.

7.Извнстия вузов Б.2015г.

8.Карасаев К. "Каамус наама" Б.2016ж Б.26.

9.Капитана Давлетшина по командировке в Туркестанский край и Степной области: Для ознокомления деятельности народных судов. СПб.,1910 г.

10.Мухидинов Историко-правовые аспекты судебной системы Кокондского ханства "Наука Права" Т., 2019.

11.Назаров Записки о некоторых народах и землях средней части Азии М., 1968.

12.Наливкин В.П. этнограф "Туземцы раньше и теперь //полвека в Туркестане биография документы, труды" М., 2015 г.

13.Наливкин.В.Краткая история кокондского ханства Казань.,1886.

15.Наука и новое технологии Б.,2015 г.

16.Остроумов. Н.Н.Сарты. Этнографические материалы. Ташкент.,1908.

17.Плоских В."Киргизы и Кокондское ханство"Ф.,1977.

18.Рахимджанова.Н. "Трансформация традиционных казийских судов в Туркестане в конце XIX – в начеле XX веков" Пенза.,2016 г.

19.Соодонбеков.С. "Общественный и государственный строй кокондского ханства". Б.,1999.

20.Сопубекова Н.Т. Бюлетень науки и практики "Судоустройство Кыргызстана в период нахождения его в составе Кокондского ханства и Российской империи" (XIX–XX вв.)№3 Б.,2017.

21.Сулайманова Х. Собрание сочинений Т.1.Ташкент., 1967.

22.Усенбаев К. Общественно-экономические отношения киргизов в период Кокандского ханства" Ф.,1961.

23.Федченко.А.П. В Кокондском ханстве.Т.1. Ч.2. СПб.,1875.